**Жергиликтүү өз алдынча башкарууну децентралдаштыруу процесстерин жакшыртуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги натыйжалуулуктун деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле жарандарды бюджеттик жараяндарга тиешелүү чечимдерди кабыл алуунун жүрүшүнө тартуу маселелеринде**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик менен "Өнүктүрүү саясат институту" Мекемесинин ортосундагы**

# КЫЗМАТТАШУУ ТУУРАЛУУ МЕМОРАНДУМ

Биз, бир тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – ЖӨБИЭММА) директор Н.К. Касиевдин атынан жана экинчи тараптан «Өнүктүрүү саясат институту» Мекемеси (мындан ары - ӨСИ) правлениенин төрайымы Н. Н. Добрецованын атынан (мындан ары - Тараптар) төмөнкүгө кол койдук,

- мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндөгү реформаларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүү ниетин *жетекчиликке алып*,
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин арттыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүү сапатын жакшыртууга көмөктөшүүгө *умтулуп*,
- өз ара кызматташтык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун арттырарын *эске алуу менен*,

төмөндөгү беренелер боюнча ушул Меморандумду түздүк:

**1-берене.**

Меморандумдун максаттары:

- конкреттүү долбоорлордун алкагында биргелешкен иш-чараларды аткаруу үчүн Тараптар арасында кызматташтык мамилелерин түзүү. Иш-чаралар зарылдыгына жараша иштелип чыгып, ушул Меморандумдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат,
- мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндөгү реформаларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн, ошондой эле калкка кызмат көрсөтүү натыйжалуулугуна жетишүүдө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин арттыруу үчүн ЖӨБИЭММАнын, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ӨСИ күч-кубатын, мүмкүнчүлүктөрүн жана иш аракеттерин бириктирүү,

- жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешеси бар, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин арттыруу жана бюджеттик маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процесстерине жарандарды тартууга багытталган биргелешкен демилгелерди жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу.

**2-берене.**

Ыйгарым укуктуу өкүлдөр:

- Меморандумга кол койгон Тараптардын кызмат адамдары же кызматтык милдеттерди аткарган өкүлдөрү Тараптардын атынан чыгууга тийиш.
- Ар бир Тарап экинчи Тарапка кат жүзүндө күбөлөндүрүү аркылуу бул Меморандумга расмий өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн тышкары бардык учурларда таламдарын талашууга ыйгарым алган кошумча өкүлдөрүн дайындай алат.
- Бул Меморандум ар бир Тараптын ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн кат жүзүндөгү күбөлөндүрүүсү менен өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн.

**3-берене.**

Кыргыз Республикасынын ЖӨБИЭММАсы

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракеттеринин мыйзамдык алкактарын жакшыртууга багытталган биргелешкен демилгелерди жана иш-чараларды жүзөгө ашырууда, жер-жерлерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүү натыйжаларын баалоодо, бюджет процессине жарандык катышуунун механизмдерин институтташтырууда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттарга отчет берүүсүн арттырууда ӨСИ менен кызматташат;
- конкреттүү долбоорлордун алкактарында биргелешкен иш-чаралардын пландарын аткарууда административдик жана эксперттик колдоону ишке ашырат;
- ЖӨБИЭММАнын аймактык бөлүктөрүнүн ӨСИ менен кызматташтыгын координациялайт;
- биргелешкен ишмердиктин жыйынтыктары боюнча алынган натыйжаларга жана сунуштарга жараша мыйзамдык өзгөртүүлөргө демилгечи болот;
- ушул Меморандумга ылайык кызматташуунун предметине катышы бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүү натыйжаларын баалоо маселелери, муниципалдык кызматкерлерди жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуудан өткөрүү боюнча ЖӨБИЭММАнын ачык иш-чараларына ӨСИ өкүлдөрүн тартат.

**4-берене.**

ӨСИ:

- мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү процесстерин мындан ары жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына зарыл өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууда эксперттик колдоо көрсөтөт;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди аткаруу жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга байланышкан маселелер боюнча ЖӨБ органдары жана жарандык коом менен кайра байланышты камсыздайт;
- ушул Меморандумга ылайык, биргелешкен иш-чараларды өткөрүүгө катышат;
- жергиликтүү деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, бейөкмөт жана коомдук уюмдарды окутуу жана алардын потенциалын жогорулатуу боюнча программаларды ишке ашырат;
- жарандардын бюджеттик процесстерге катышуусун күчөтүү боюнча шарттарды түзүүгө көмөктөшөт;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көрсөткөн тейлөө кызматтарынын натыйжалуулугуна баа берет;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жетише алган мыкты тажрыйбаны Кыргызстандын бардык аймагында жайылтат.

**5-берене.**

Өзүнчө долбоорлордун алкагында биргелешкен иш-чаралардын планын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн биргелешкен ишмердик өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- биргелешкен иш-чаралардын планын ишке ашырууга биргелешкен мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
- биргелешкен иш-чаралардын планын аткаруунун натыйжалары тууралуу отчетторду угуу боюнча квартал сайын жумушчу жыйындарды өткөрүү, талкуулоо жана баа берүү;
- көйгөйлөр, иш-чаралар, сунуштамалар жана биргелешкен ишмердиктин башка натыйжалары тууралуу биргелешкен билдирүүлөрдү, маалымат каттарын, пресс-релиздерди жайылтуу.

**6-берене.**

Ар бир Тарап экинчи Тарапка кат жүзүндө кабардоо аркылуу Меморандумдун аракетин толугу менен токтотуу же кайсы бир бөлүгүн бузуу укугуна төмөнкү учурларда ээ:

- эгер ушул Меморандумдун жоболорун аткарбаса;
- эгер ушул Меморандумдун максаттарына жетүүгө мүмкүн болбогон фактыларды белгилесе;

- эгер тараптар ушул Меморандумдун жоболорун аткара албай турганын мойнуна алса;
- эгер ушул Меморандумдун жоболоруна ылайык колдоо көрсөтүү КР мыйзамдарын бузууга алып бараарын мойнуна алса.

Меморандумдун ишин толугу менен токтотуу же бузуу тууралуу расмий катта Меморандумду токтотуунун же бузуунун натыйжасында таасири тийип кала турган ишмердикти көрсөтүүгө тийиш.

**7-берене.**

Ушул Меморандум эки Тарап тең кол койгон учурдан тарта күчүнө кирет.

**Ушул Меморандумга 2013-жылдын «11» июнунда Бишкек шаарында мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада (түп нускасында) кол коюлду.**

**КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик үчүн**

Директор:

_______________ Н. Касиев

**«Өнүктүрүү саясат институту» Мекемеси үчүн**

Правлениенин төрайымы:

_______________ Н. Добрецова